**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК - САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611.**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 316.662.2**

**ИСМАНОВА НУРЛАН АБДРАСУЛОВНА**

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨ ИНСТИТУТУНУН СОЦИАЛДЫК СТАТУСУ

22.00.04- социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер

Социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек-2021

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана гуманитарных дисциплиналар факультетинде аткарылды.

**Илимий жетекчиси**: **Салморбекова Рита Бобуевна,** социология илимдеринин доктору, профессор, ”Соцантро” коомдук бирикмесинин директору

**Официалдуу оппоненттер:** **Жоробеков Жолборс Жоробекович,** саясий илимдеринин доктору, профессор

**Шайдуллаева Топчугуль Жолдошевна,** социология илимдеринин кандидаты, доцент, Р.Отунбаева атындагы коомдук фондусунун эксперти

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин социалдык иш жана социалдык илимдер кафедрасы, Ош шаары, Ленин көчөсү, 311.

Диссертациялык иш 2021-жылдын «24» декабрында саат 14-00 Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык - саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен биргелешип уюштурулган саясий жана социология илимдердин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а, 1-кабат, диссертациялык залы.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын китепканасында (720071, Бишкек ш., Чүй пр. 265а, 1-кабат), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин китепканасында (720033, Бишкек ш., Жибек – Жолу пр., 394, 8- корпус,1- кабат) жана диссертациялык кенештин сайтында (naskr.kg.) таанышса болот.

Коргоону онлайн көрүү: https://vc.vak.kg/b/ds7-c76-2wu-bdm
Автореферат 2021-ж. «24» ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кенештин окумуштуу катчысы, саясий илимдеринин доктору, доцент** **Ч.Ш.Абдыраманова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Коомдун социалдык-экономикалык абалы азыркы кыргыз үй-бүлөсүнүн потенциалына олуттуу таасирин тийгизип, инсандын муктаждыктарын өзгөртүп, руханий жакты материалдык кызыкчылыкка алмаштырды. Коомдун трансформация учурундагы экономиканын төмөндөшү, социалдык туруксуздук жумушсуздуктун жана эмгек миграциясынын өнүгүшүнө, жакырчылык деңгээлинин өсүшүнө, калктын нарктык негиздеринин өзгөрүшүнө алып келди. Бул көрүнүш дисфункциялык шарттарды жаратып, үй-бүлөлүк мамилелердин бузулушуна, ата менен эненин, үй-бүлөнүн маанисинин төмөндөшүнө алып келип, үй-бүлөнүн статусуна олуттуу таасирин тийгизди.

Бүгүнкү күндө кыргыз үй-бүлөсү замандын социалдык шарттарына ыңгайлашууга аргасыз болуп, жашоо үчүн ички мүмкүнчүлүктөрүн мобилизациялоо менен өзүнүн социалдык функцияларын толук аткара албай келет. Бул кесепеттер коомдун социалдык –демографиялык структурасына, инсанды социалдаштыруу сапатына кескин таасирин тийгизип, муундардын ортосундагы карама-каршылыктарды жаратып, коомдун ыдырашына жана маданияттын деградациясына себепкер болот. Мисалы, (*КР НСК маалыматы боюнча*) Кыргызстан боюнча 2015-жылы **52043** адам никеге турса, 2019-жылы ал көрсөткүч **49431** адамды түзгөн, ал эми ажырашуулар 2015-ж. **8588** адамды түзсө, 2019-жылы **10992** адамга жеткен.Бул көрсөткүч үй-бүлө-нике маселелеринин динамикасын аныктап, калк арасында никелешүүнүн төмөндөгөнүн жана ажырашуунун көбөйгөнүн көрсөтөт.

Үй-бүлө институтунун статусун изилдөө кызыкчылыгы учурда кыргыз коомунда түзүлгөн кризистик кырдаалга байланыштуу болууда.Түзүлгөн шарт актуалдуу маселелердин бири болуп, учурдагы үй-бүлөнүн туруктуулук дараметин карап чыгууну, жаштардын өзүн-өзү коргоочу социалдык кубаттуулугун анализдөөнү, алардын демографиясынын динамикасын, үй-бүлө түзүүгө, маданиятка, билимге, динге болгон умтулуу аракетин аныктоону талап кылууда. Жаштарды турмушка сапаттуу даярдоо максатында ата-энелердин социалдык дараметин күчөтүү, алардын үй-бүлө-нике мамилелерин түзүүгө, бала жаратууга жана аны тарбиялоого болгон даярдыгын аныктоо талаптарына өзгөчө маани берилүүдө. Оор жагдайды жумшартып, коомдун стабилдүүлүгүнө, үй-бүлөнүн туруктуулугуна жетишүүдө, үй-бүлө-нике мамилелеринин салттуу баалуулуктарын сактап калуу, жаш үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарын чечип берүү маселелери турат.

Ошондой эле,коомдун өзгөрүү шартында анын баалуулугу катары кабыл алынган үй-бүлө саясатын өркүндөтүү, ата-энелердин жана үй-бүлөнүн социалдык статусун бекемдөө, ата-энеликке натыйжалуу даярдоо механизмдерин иштеп чыгуу жагы мамлекеттин көнүл чордонунда болууга тийиштиги айтылууда.

**Диссертациянын темасы приоритеттүү илимий программалар жана илимий-изилдөөчү эмгектер менен байланышы**

Диссертациянын темасы төмөндө көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана үй-бүлө саясатын өнүктүрүү боюнча программалары менен тыгыз байланышта болуп: *2018-2040-ж. чейинки КР өнүгүүнүн Улуттук Стратегиясы, 2017–2027*-ж. чейинки КР«*Балдарды коргоо жана үй-бүлөнү колдоо боюнча Комплекстүү программасы*», КР«*Балдар жөнүндө*» жана «*Үй-бүлө жөнүндө*» кодекстери, КР «*Жаштардын мамлекеттик саясатынын негиздери жөнүндө*»жана ошондой эле, «*Мамлекеттик пособиелер жөнүндө*» мыйзамдары диссертацияны даярдоодо жетекчиликке алынып келген. Диссертациялык иш автордун 2014-жылдан 2020-жылга чейинки илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгы болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты:** кыргыз коомун трансформациялоо учурунда үй -бүлө институтунун социалдык абалын изилдеп аныктоо.

**Милдеттери.** Максатка ылайык, диссертациялык иште төмөнкү милдеттер коюлган:

1. үй-бүлөнү социалдык институт катары изилдөөдө негизги социологиялык ыкмаларды, теорияларды жана парадигмаларды изилдеп аныктоо;
2. азыркы коомдогу үй-бүлөнүн абалын изилдөөнүн методологиясын жана ыкмаларын аныктоо;
3. инсанды социалдаштырууда үй-бүлө институтунун ролун көрсөтүү;
4. кыргыз коомун трансформациялоо шартында үй -бүлө институтунун абалын талдоо;
5. азыркы кыргыз үй-бүлөсүнүн социалдык тобокелчиликтерин аныктоо;
6. азыркы Кыргызстанда үй-бүлө институтунун статусун чыңдоонун практикалык багыттарын сунуштоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы**

Диссертацияда ата мекендик социология илиминин деңгээлинде азыркы кыргыз үй-бүлөсүнүн социалдык статусун аныктоо боюнча, ошондой эле үй-бүлөнүн жана ата-эненин статусун чыңдоодо мамлекеттин

ролун аныктоо боюнча комплекстүү талдоо жүргүзүлгөн. *Жаңылык статусуна ээ болгон бир катар төмөнкү натыйжалар алынды:*

- коомдун социалдык баалуулугу катары, адамдык капиталды жана анын статусун калыптандыруунун куралы катары кыргыз үй-бүлөсүнө комплекстүү структуралык жана функционалдык талдоо жүргүзүлгөн;
- азыркы коомдогу үй-бүлөнүн статусун изилдөөнүн эл аралык тажрыйбасына жана методологиясына талдоо жүргүзүлгөн;
- инсанды социалдаштырууда үй-бүлө институтунун ролу аныкталган;
- кыргыз коомун трансформациялоо шартында үй-бүлө институтунун абалы жана социалдык тобокелчиликтери изилденген;
- азыркы үй-бүлөнүн кризисине амбиваленттүү (кош) талдоо жүргүзүлүп, инсандын социалдык өз ара аракеттенүүсүндөгү оң жана терс аспектилердин мааниси белгиленген;
- азыркы Кыргызстанда үй-бүлө институтунун статусун бекемдөө боюнча практикалык багыттар сунушталган.

**Алган жыйынтыктын практикалык мааниси**

Автордун практикалык сунуштары жаштардын жана үй-бүлө саясатын стратегиясын пландаштырууда төмөнкү багыттар боюнча: «Үй-бүлөнү изилдөөнүн методикасы», «Мамлекеттин үй-бүлө саясаты», «Келечектеги үй-бүлөнүн мектеби», «Жаш үй-бүлөнү социалдык жактан колдоо», «Социалдык психология» ж.б. социологиялык дисциплиналардын айрым жаны бөлүмдөрүнүн багыттарын калыптандырууда жогорку окуу жайларда тренингдерди, курстарды жана лекцияларды уюштурууда колдонулушу мүмкүн.

**Алган жыйынтыктын экономикалык мааниси:** изилдөөнүн натыйжалары жана сунуштары үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүдө, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууда, заманбап шарттарда жаш кыргыз үй-бүлөсүнө социалдык колдоо көрсөтүүдө, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттардын ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө колдонулат.

**Диссертациянын коргоого берилген негизги жоболору чыгарылды:**

1. Үй-бүлө – коомдун пайда болушу менен социалдык институт катары калыптанган тарыхый шартталган социалдык жамаат. Макро жана микросоциологияда үй-бүлө мамилелерин изилдөө үй-бүлө көйгөйлөрүн социалдык көрүнүш катары кароону камтыйт. Ал кош мүнөзгө ээ: бир жагынан – социалдык институт, экинчи жагынан – өзүнүн мыйзамдары боюнча өнүгүп, иш алып барган чакан топ. Бул коомго,

калыптанып калган саясий системага, экономикалык, социалдык, диний жана башка мамилелерге жараша болот. Нике жана үй-бүлө маселелерине советтик окумуштуулардын эмгектеринде тийиштүү көңүл бурулбаган. Совет мезгилиндеги социология илиминин ашкере идеологиялаштырылышы жана саясатташтырылышы үй-бүлөнүн жана никенин социалдык, моралдык-психологиялык көйгөйлөрүн чечүү жолдорун коомдук издөөдөн обочолонуусунун себеби болуп калды.

2. Совет доорунан кийинки кыргыз коомунун социалдык-экономикалык шарты салттуу коомдук баалуулуктардын, анын ичинде кыргыздардын өздөрүнүн баалуулукка болгон көз караштарынын өзгөрүүсүнө алып келди. Алардын эң маанилүүсү бул үй-бүлө жана нике мамилелеринин түзүмүндөгү өзгөрүүлөр болуп эсептелет. Үй-бүлөдө калыптанган балдарды жаратуу, тарбиялоо жана социалдаштыруу боюнча милдеттерден тышкары, үй - бүлө мүчөлөрүнүн социалдык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу боюнча функцияларын кошо аткарууга алып келди.

3. Экономикалык төмөндөөгө, рынок мамилелерине, жумушсуздукка, жакырчылыкка жана эмгек миграциясына алып келген азыркы коомдун кризиси инсандын муктаждыктарына таасирин тийгизген. Жеке адамдын муктаждыктарынын өзгөрүшү үй-бүлө институтунун дисфункционалдыгына, үй-бүлөлүк мамилелердин бузулушуна, социалдык тобокелчиликтеринин пайда болушуна, нике курагынын жана репродуктивдик курактын узартылышына, ошондой эле, үй – бүлөнүн бутүндүгүнө жана статусунун өзгөрүлүшүнө алып келди.

4.Социалдык баалуулуктар, нормалар, үй-бүлөнүн калыптанган салттары жана ошондой эле ата-энелердин өздөрүнүн үй-бүлөлүк мамилелерге даярдыгы үй-бүлөнүн социалдык институт катары туруктуулугун камсыз кылууга,жаштардын салттуу баалуулуктарынын өзгөрүшүнө каршы турууга тийиш. Үй-бүлөлүк баалуулуктардын түзүмү өсүп келе жаткан муундун сапаттык дараметин толук кандуу калыптандырууга жана бүтүндөй коомду турукташтырууга салым кошо алат. Үй-бүлө институтунун динамикасынын механизмдерин, факторлорун түшүнүү анын иштөөсүндөгү терс тенденцияларды жоюуга, анын оң өнүгүшү үчүн шарттарды түзүүгө, үй-бүлөнүн туруктуулугун калыптандырууга багытталган концепцияларды, методологиялык ыкмаларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

5. Заманбап үй-бүлөнүн дисфункциясын изилдөөдө амбиваленттүү (эки түрдүү) мамиленин баалуулугу талашсыз. Бул социалдык кырдаалдын деструктивдүү да, позитивдүү да мүнөзүнө, социалдык конфликттердин жана инсандын социалдык өз ара аракеттенүүсүндөгү дисфункциялардын терс жана оң аспектилерине эквиваленттүү баа

берүүнү ишке ашыруунун эффективдүү куралы. Алар инсандын да, бүтүндөй коомдун да өнүгүшүнө салым кошууга багытталган.

6.Жаштарды үй-бүлөдө, мектепте, университетте, коомдо үй-бүлөлүк жана нике мамилелерине кадамдап системалуу түрдө даярдоо ата-энелердин педагогикалык кесипкөйлүгүнө, социалдык жоопкерчилигинин калыптанышына, инсанды сапаттуу социалдаштыруусуна, кризистеги үй -бүлөнүн экономикасынын өсүшүнө, социалдык статусун бекемдөөгө жана жалпы эле коомду турукташтыруусуна өбөлгө түзөт. Коомдогу өзгөрүүлөрдүн чабуулун жаштардын социалдык потенциалын жана өзүн- өзү коргоочу ыкмаларын өстүрүү менен жана мамлекеттин натыйжалуу үй-бүлөлүк саясаты аркылуу токтотуусу мүмкүн. Мамлекеттик структуралардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун социалдык өнөктөштүгү мамлекеттин үй-бүлөлүк саясатын эффективдүү ишке ашыруунун кепили болуп саналат.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Диссертация автордун өздүк изилдөөсүнө негизделип, анын жыйынтыгы азыркы кыргыз үй-бүлөсүнүн абалын изилдөө процессинде алынган. Изилдөөгө 18 жаштан 60 жашка чейинки 1000 респондент катышкан. Анын ичинен 560 адам (56%) айыл жеринин тургундары, 440 адам (44%) шаар калкы, жалпы санынан 700 адам (70%) аялдар түзөт. Ош (330 адам), Чүй (237 адам), Баткен (129 адам) жана Жалал-Абад (304 адам) облустарынан.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы**

Диссертация автордун 2014-жылы башталган изилдөө ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп саналат жана илимий-изилдөө ишинин жыйынтыгы боюнча жазылган. Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык концепциялары, жыйынтыктары жана корутундулары төмөнкү көрсөтүлгөн темалар боюнча эл аралык жана республикалык семинар, конференцияларда доклад катары чагылдырылган: «Дети - это самая уязвимая и незащищенная категория населения в нашем обществе» (Варшава, 2017); “Роль института семьи в социализации личности в современном кыргызском обществе» (Киев, 2017); «Перспективы развития статуса института семьи в современном кыргызском обществе» (Бишкек, 2017); «Успех как фактор развития человека: роль семьи в успешном развитии ребенка» (Краснодар, 2018);«Стратегия развития социальной работы в условиях современного кыргызского общества» (Ростов-на-Дону,2019); «Дисфункциональность института семьи в условиях трансформации кыргызского общества» (Казань, 2020).

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук чагылдырылышы.** Тема боюнча 13 илимий макала жана 3 окуу куралы

басылып чыккан.9 макала РИНЦ системасына киргизилген (2өө Кыргызстанда жана 7-Орусия Федерациясында нөл эмес импакт-фактор менен).

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертация кириш сөздөн, үч бөлүмдөн жана корутундудан турат. Иштин жалпы көлөмү 184 бетти түзөт. Тиркемелер, 24 таблица, 10 сүрөт жана 3 диаграмма бар. Диссертациянын аягында жалпы көлөмү 129 эмгекти түзгөн колдонулган адабияттардын тизмеси келтирилген.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** автор илимий иштин актуалдуулугун негиздеп, изилдөөнүн максатын, милдеттерин аныктап, коргоого сунушталган негизги жоболорду, диссертациялык иштин илимий жаңылыктарын, практикалык маанисин белгилеп, жетишкен натыйжалардын апробацияланышын жана диссертациянын структурасын көрсөтүп кеткен.

**Биринчи бап «Азыркы үй-бүлө институтунун социологиялык анализинин теориялык аспектилери»деп аталып,** үч бөлүмдөн турат. Анда илимий адабияттарды талдоо менен, илимий түшүнүктөрдү жана терминдерди системалаштыруу жүргүзүлүп, заманбап үй-бүлөнүн институтун изилдөөнүн теориялык жана методологиялык ыкмалары каралган. Анда үй-бүлө мамилелерин изилдөө методологиясы, үй-бүлө институтун изилдөөнүн парадигмасынын негизги теориялык мамилелери, концепциялары жана социологиялык теориялары көрсөтүлгөн.

**Биринчи баптын биринчи бөлүмү «Үй-бүлө институтун изилдөө боюнча социологиялык теориялар жана парадигмалар» деп аталып,**анда автор чет өлкөлүк жана орусиялык окумуштуулардын социалдык чөйрөнүн социологиясы жаатындагы эмгектерин, инсандын баалуулуктарын жана руханий-нравалык багыттарын изилдөөнүн социалдык-философиялык жана социологиялык концепцияларын жана системалуу талдоо методологиясын чагылдырган. Коомдун иштешинин институционалдык аспектиси ар дайым социология илиминин көңүл борборунда болуп, анын негиздөөчүлөрүнүн (О. Конт, Г. Спенсер, Э. Дюркгейм, М. Вебер ж. б.) ысымдары менен байланышкан. О.Конт олуттуу социалдык институттарды (үй-бүлө, мамлекет, дин) белгилеп, алардын аткаруучу функцияларын социалдык өз ара аракеттенүү процессине камтып бирге караган. Т.Парсонс, Р.Мертон жана башкалар тарабынан калыптанган инсандын ролдук теориясы инсан социологиясында чоң таасирге ээ, ал «социалдык статус» жана «социалдык рол» деген негизги түшүнүктөр менен мүнөздөлөт. Коомду нарктык-нормативдик система катары түшүнүүгө жана социология илиминде баалуулуктарды изилдөө зарылдыгын биринчилерден болуп М.Вебер менен Э.Дюркгейм негиздеген.

*[Бурова, С.Н. Б Социология брака и семьи: история, теоретические основы, персоналии[Текст] / С.Н. Бурова– Минск: Право и экономика, 2010* .-с.42,76-78,93,102,124*]*

Салттуу үй-бүлөнүн кризистик кубулуштарын изилдөөгө П. Сорокиндин эмгектери зор салымын кошуп келген**.** Ал биринчилерден болуп коомдун социалдык институттарынын жана үй-бүлөнүн функцияларын аныктап, классификациялоого жетишкен,коомдун өзгөрүү шартындагы инсандын социалдык мобильдүүлүгү боюнча концепциясын сунуштаган.

***[****Сорокин, П. А. Социальная и культурная мобильность [Текст] / П. А. Сорокин // Сорокин П. А. Человек. Цивилизация. Общество. – М., 1992. – С. 230-317****]****.***

**Биринчи баптын «Азыркы коомдогу үй-бүлөнүн статусун изилдөө» аттуу экинчи бөлүмүндө** автор орус жана ата мекендик окумуштуулардын олуттуу илимий изилдөөлөрүнө токтолуп кеткен. Алардын ичинен жаш үй-бүлөнүн көйгөйлөрү, жаңы коомдо үй-бүлө түзүү мотивдери Т.К.Ростовскаянын изилдөөлөрүндө орун алган.

*[Ростовская, Т. К. Молодая семья в современном российском обществе [Текст] / Т. К. Ростовская. – Иваново: Изд-во Иванов. гос. ун-т, 2005. – 107 с.* Социалдык институт катары үй-бүлөнүн структурасы менен функциясынын өз ара аракеттенүүсүнүн теориялык жана методологиялык аспектилеринин маселелери А.Г.Харчев менен М.С.Мацковскийдин эмгектеринде көрсөтүлгөн.

*[Харчев А.Г.Современная семья и ее проблемы [Текст] / А. Г. Харчев, М. С. Мацковский. – М.: Статистика, 1997. – 224 с.]*

И.В. Власюктун эмгектеринде ата-эне институту социалдык феномен катары кабыл алынып, инсанды сапаттуу тарбиялоодо,үй-бүлө институтунун статусун бекемдөөдө анын баалуулугу белгиленип, коомдун азыркы шартында ата-энелердин социалдык жоопкерчилигин социалдык-маданий дараметин жогорулатуу, педагогикалык кесипкөйлүгүн калыптандыруу муктаждыгы каралган. [*Власюк, И.В. Укрепление ценности родительства- направление государственной семейной политики [Текст] / И. В. Власюк // Социология образования. – № 3. – 2006- С. 141-145.]*

Ошондой эле, автор тарабынан коомдун негизги баа жеткис наркы болгон адамды жаратууда жана калыптандырууда *үй-бүлөнүн социалдык баалуулугу* жана ролу жогору экени тастыктаган. Окумуштуулардын изилдөөсүнүн жана өзүнүн байкоосунун негизинде автор инсанды турмушка даярдоодо үй-бүлөнүн социалдык баалуулугун демографиялык, этникалык, гендердик, экономикалык, руханий, адам капиталын, анын статусун калыптандыруучу, үй-бүлө- нике мамилелерин жөнгө

салуучу, бала үчүн ата-эненин жоопкерчилигин көзөмөлдөө боюнча комплекстүү коомдук курал катары кароону сунуштап кеткен.

Р.Ачылова, Г.К.Ибраева, К. Исаев, А.К.Мусаева, А.Р.Рахманова, Р.Б. Салморбекова, А.А. Усубалиева, Т.Ж. Шайдуллаева, М. Эдиловалардын изилдөөлөрү айылдык кыргыз үй-бүлөсүнүн өнүгүү проблемаларына багышталган. Г.К. Ибраеванын изилдөөлөрүндө Кыргызстандын советтик жана постсоветтик мезгилдеги аялдар менен эркектердин никеге туруу стратегияларынын муундар аралык динамикасы каралган. Р.Ачылованын илимий эмгектеринде баланы улуттук каада-салт, тил, үрп-адат, жүрүм-турум аркылуу коомдун баалуулугу болгон этникалык иденттүүлүккө жеткирүүдө үй-бүлөнүн ролу белгиленген.

*Ачылова, Р. Кыргызское национальное самосознание и государственная идеология, 2018 [Электронный ресурс] / Р. Ачылова. – Режим доступа:* https://rus.azattyk.org/a/kyrgyzstan-ideology-nation/29049791.html. *– Загл. с экрана.*

Кыргызстандагы миграциялык процесстер жана алардын үй-бүлөгө жана жалпы коомго тийгизген социалдык-экономикалык кесепеттери Эргешбаева У.Ж., Атанаева С., Б.Есеналиевалардын изилдөөлөрүндө чагылдырылган. Үй-бүлөнүн таламдарын ишке ашыруудагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттары С.М.Муратбекованын, Г.Д. Джунушалиеванын, В.И. Кидаловдордун изилдөөлөрүндө ошондой эле Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында (2018-2040-ж.), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017–2027-жылдарга карата балдарды колдоо жана коргоо боюнча программасында чагылдырылган.

**Биринчи баптын «Инсанды социалдаштыруудагы үй-бүлө институтунун ролу» аттуу үчүнчү бөлүмүндө** автор өзүнүн байкоолоруна жана окумуштуулардын аргументтерине таянуу менен инсандын коомго көп кырдуу адаптацияланышына көмөктөшүүчү кыргыз үй-бүлөсүнүн функцияларынын негизги багыттарын (демографиялык, этникалык, гендердик, руханий, экономикалык, экологиялык, маалыматтык социалдаштыруу) аныктап,ал иште ата-эненин негизги ролун белгилеп кеткен. Ошондой эле С.М. Абрамзон, А. Бектурганова, Б.А. Абдымомунова, Р.Б. Салморбековалардын эмгектери кыргыз коомунун тарыхый өнүгүүсүнүн көйгөйлөрүнө, аялдардын коомдогу орду, кыргыз үй-бүлөсүнүн карама-каршылыктары жана тобокелчиликтери боюнча маселелерине арналган.

**«Азыркы кыргыз коомундагы үй-бүлө институтунун социалдык статусун изилдөө методологиясы» аттуу экинчи бап** үч бөлүмдөн турат. Анда автор тарабынан колдонулган теориялык жана эксперименталдык изилдөөнүн методдорунун максаттары белгиленип, изилдөөнүн предмети


жана объектиси аныкталган. Үй-бүлө-нике мамилелеринин дисфункционалдыгынын себебтери көрсөтүлүп, үй-бүлө институтунун дисфукционалдыгына эки тараптуу баа берилип, коомдун трансформация учурундагы социалдык тобокелчиликтери ачыкталып, учурдагы үй-бүлө институтунун *статусунуна баа берилген.*

**Изилдөөнүн объектиси** болуп коомдун трансформация учурундагы заманбап кыргыз үй-бүлөсү эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** - үй -бүлөнү бекемдөөдө, ата -эненин, жаштардын жана мамлекеттин потенциалынын ролу.

**Диссертациянын методологиялык негизи болуп** дүйнөлүк социологиялык илимдин классиктеринин, орусиялык, чет өлкөлүк жана жергиликтүү окумуштуулардын үй-бүлө социологиясы, инсандын социалдык- философиялык жана социологиялык теориялары жана баалуулуктары, үй-бүлө-нике мамилелеринин социологиялык анализинин методологиясы боюнча фундаменталдык теориялык жоболор жана концепциялар пайдаланылган. Изилдөөдө салыштырмалуу, тарыхый, социологиялык анализдер, статистикалык маалыматтарды салыштыруу, системалык жана кырдаалдык анализдер жүргүзүлгөн. Эмпирикалык негиз болуп төмөнкү методдор пайдаланылган: анкета, интервью, байкоо, генограмма, кластердик изилдөө, мониторинг.

**Экинчи баптын «Трансформация шартындагы үй-бүлө институтун изилдөө методологиясы» аттуу биринчи бөлүмүндө** автор тарабынан азыркы коомдун кризистик көрүнүштөрүнүн таасири астында кыргыз үй-бүлөсүндөгү үй-бүлө жана нике мамилелеринин бузулушунун мыйзам ченемдүүлүгү каралган. Кыргыз коомундагы институционалдык дисфункциянын тенденциясы инсандын биологиялык, физикалык, эмоционалдык, психологиялык, экономикалык керектөөлөрүнүн өзгөрүшүнө алып келген салттуу жана инновациялык социалдык кубулуштардын ортосундагы карама-каршылыктардын негизинде жаралган конфликттик кырдаалдын күчөшү менен түшүндүрүлөт жана төмөндөгү динамика менен күбөлөндүрүлөт (сүр.2.1).




**Сүрөт2.1.–Уй-бүлө институтунун социалдык статусунун динамикасы**

**Экинчи баптын «Азыркы кыргыз коомундагы социалдык тобокелчиликтер» аттуу экинчи бөлүмүндө** автор коомдун трансформация учурундагы үй-бүлө-нике мамилелеринин дисфункциясынын айынан жаралган, жеке инсанга жана үй-бүлөсүно терс таасирин тийгизген социалдык тобокелчиликтерге (риски) токтолуп кеткен.*Социалдык тобокелчиликтер* – бул жеке инсанга күтүлбөгөн шартта жагымсыз таасирлерди алып келген көрүнүштөр. Алар адамдын муктаждыктарын өзгөртүп, социалдык, материалдык жана руханий дараметине, үй-бүлөнүн жана жеке инсандын статусуна таасирин тийгизип, өзүн-өзү коргоо сезимдерин алсыздандырып келет. Социология илиминде *социалдык тобокелчиликтер экономикалык, физиологиялык, өндүрүштүк, демографиялык жана социалдык* деп бөлүнүп келген (табл.2.1).

**Таблица 2.1. – Азыркы кыргыз коомундагы тобокелчиликтердин түрү**

| № | Тобокелчиликтер | Себептер |
|---|---|---|
| 1. | Экономикалык | Жумушсуздук, багуучусунан ажыроо |
| 2. | Физиологиялык | Төрөлүү, карылык, өлүм, кош бойлуулук, төрөт, майыптык |
| 3. | Өндүрүштүк | Эмгектик травмалар, профессиялык оорулар |
| 4. | Демографиялык | Аз балалуулук, толук эмес үй-бүлө, социалдык жетимдик, миграция |

| | | |
|---|---|---|
| 5. | Социалдык | Үй-бүлөнүн бузулушу, үй-бүлөлүк жана социалдык абалдын өзгөрүшү, кесиптин өзгөрүшү, үй-бүлөдөгү зомбулуктун тенденциясы, балдарды кароосуз калтыруу, никенин жана репродуктивдүү куракттын узартылышы |

**Экинчи баптын «Үй-бүлө институтунун дисфункциясына амбиваленттик көз караш» аттуу үчүнчү бөлүмүндө** автор азыркы коомдогу үй-бүлөнүн дисфункциясына *изилдөөчүлөрдүн* амбиваленттик, эки тараптуу мамилесине анализ жүргүзүп, кыргыз үй-бүлөсүнүн дисфункциясынын себептерин аныктап, түзүлгөн конфликттик жагдайлардын инсандын өз ара аракеттенүүсүнө тийгизген оң жана терс таасири боюнча өзүнүн көз карашын билдирген. Анын оюу боюнча коомдогу жана үй-бүлөдөгү карама каршылыктар инсандын турмушка болгон көз карашын өзгөртүп, мотивациясын өнүктүрүп: билимге, карьералык өсүүгө, бизнести өнүктүрүүгө, коомдогу инсандын социалдык статусун жогорулатууга, кесипкөй жана материалдык жактан жетиштүү үй-бүлө түзүүгө өбөлгө түзөт.

**Экинчи баптын «Кыргызстандын мамлекеттик үй-бүлө саясаты» аттуу бөлүмчөсүндө** автор тарабынан кыргыз коомун трансформациялоо шартында үй-бүлөнү чыңдоодо мамлекеттин үй-бүлө саясатынын мааниси жөнүндөгү маселелер баса белгиленген. Кризистен чыгуунун оң жолу катары үй-бүлө саясатынын мамлекеттик стратегиясын турмушка натыйжалуу жайылтууда автор төмөнкүлөрдү эске алууну сунуштайт:

1) инсанды турмушка социалдаштырууда негизги курал болгон ата-энелер институтунун дараметин өстүрүү;

2) үй-бүлөнүн ден соолугун бекемдөө, энеликти жана балалыкты коргоо боюнча атайын программаларды иштетүү;

3) үй-бүлөлүк милдетти аткарууну жакшыртууда иштеген ата-энелерге шарт түзүү;

4) жакырчылыкты жоюу боюнча чараларды көрүү, жаш үй-бүлөлөргө жана мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга социалдык колдоо көрсөтүү;

5) үй-бүлөнүн экономикалык активдүүлүгүн өстүрүү максатында өзүн-өзү камсыздоого үйрөтүү, жеке ишкердигине колдоо көрсөтүү болуп эсептелет.

Белгилей кетсек, мамлекеттин социалдык колдоосу социалдык

теңсиздикти жоюуга жана калктын аялуу катмарына, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана жалгыз жашаган жарандарга жардам көрсөтүүгө багытталган.

*[*О государственных пособиях в Кыргызской Республике: закон Кырг. Респ. от 24 янв.,2019, №18 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111670. – Загл. с экрана*]*

**«Азыркы кыргыз коомундагы үй-бүлө институтунун статусун бекемдөө жолдору»атту үчүнчү бап** эки бөлүмдөн турат.Анда автор тарабынан үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча мамлекеттик программалардын жана ченемдик укуктук актылардын турмушка ашыруу боюнча мониторингине, ошондой эле үй-бүлөнү өнүктүрүү жана бекемдөө боюнча өзүнүн изилдөөлөрүнүн натыйжасына жана практикалык сунуштарына көнүл бурулган.

**Үчүнчү баптын «Азыркы кыргыз коомундагы үй-булө институтунун статусун бекемдөөдөгү приоритеттүү багыттар» аттуу биринчи бөлүмүндө** диссертациянын темасынын алкагында автор өзүнүн социологиялык изилдөөсүн чагылдырган. Анын эмпирикалык базасы 2016-2018-жылдары калктын арасында жүргүзүлгөн «Заманбап адамга үй-бүлө керекпи же жашоонун бул формасы керексиз болуп калдыбы?» деген темада сурамжылоонун натыйжалары менен берилген. «Адамга үй-бүлө эмне үчүн керек?» деген анкетанын суроосуна. респонденттердин басымдуу бөлүгү (46,8%) «турмушка социалдаштыруу учун», 158-31,6% «тукум улоо үчүн», 14,8% «экономикалык жана руханий колдоо үчүн» жана респонденттердин 6,8% «үй-булөсүз жашаса болот» деп белгилешкен. Жеке изилдөөнүн жыйынтыгы кыргыз коомчулугунда үй-бүлөлүк ажырашуу жана зордук-зомбулук приоритеттүү эмес деп эсептелерин, үй-бүлөнүн бүтүндүгүнө карата патриархалдык салттуу мамилелер дагы да сакталып калганды-гын,үй-бүлө кыргыз коомунда инсандын калыптанышынын негизги биологиялык, руханий жана социалдык-экономикалык негизи болуп саналарын далилдеп келет.

**Диссертациянын үчүнчү бапынын «Кыргыз коомундагы үй-бүлө институтун бекемдөө боюнча практикалык сунуштар» аттуу экинчи бөлүмүндө** автор тарабынан социологиялык *изилдөөлөрдун натыйжасы* жана *практикалык сунуштары* берилген. Үй-бүлө менен иш жүргүзүүгө сунушталган методдор: үй-бүлө-нике мамилелерин анализдөө, алдыналуу жана тузөө куралы катары «*генограмма*», социалдык процесстерди иликтөө, башкаруу жана үй-бүлөгө социалдык колдоо көрсөтүү куралы катары «*дорожная карта*» аттуу ыкмаларын колдонуу жана ошондой эле, «*Болочок үй-бүлөнүн мектебин*» уюштуруу тажрыйбасы көрсөтүлгөн.

**«Генограмма – үй-бүлөнү изилдөө методу катары» аттуу бөлүмчөсүндө** автор «генограмма» ыкмасы боюнча үй- бүлөнү изилдөө методу катары түшүнүгүн берип, генограммаларды толтуруу менен Бишкек жана Ош шаарларынын калкынын арасында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларын көрсөткөн. Изилдөөгө 17-55 жаштагы респонденттер катышып, 2-3 муундан турган 100 үй-бүлөнүн тарыхы талдоого алынып,аларга тиещелүү педагогикалык - психологиялык консультациялар берилген. Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, каралган үй-бүлөлөрдүн (70%) үй-бүлөнүн бузулушу, өнөкөт оорулар, эмгек миграциясы көйгөйлөрү аныкталган. Изилделген үй-бүлөлөрдүн 68%да “ багуучу» статусу эркектерге таандык. Каралган үй-бүлөлөрдүн 20%ы консультацияга, 5%ы материалдык жана юридикалык жардамга муктаж. Жогоруда айтылгандардын негизинде, үй-бүлөнүн социалдык абалы көбүнчө үй-бүлөнүн социалдык-маданий потенциалынан жана материалдык мүмкүнчүлүктөрүнөн көз каранды деп тыянак чыгарылган.

**«Жол картасы» (дорожная карта)-социалдык процесстерди анализдөө жана башкаруу методу катары» бөлүмчөсүндө** автор үй-бүлө менен иштөөдө, ага социалдык-психологиялык жардам көрсөтүүдө эң натыйжалуу ыкмалардын бири болгон «Жол картасы» ыкманы сунуштайт. Ал графикалык, тексттик формага ээ болушу мүмкүн жана жалпыланган схемалардан, таблицалардан жана комментарийлерден турат. Бул ыкма болочок ата-энелер, турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөр, көп балалуу жана жаш үй-бүлөлөр, эмгек мигранттарынын үй-бүлөлөрү менен системалуу түрдө мамлекеттик түзүм, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык коом менен биргеликте иш алып барууну көздөйт.

**«Болочок үй-бүлөнүн мектеби» бөлүмчөсүндө** автор 2015-2016-жылдары айыл жергесинде жаш ата-энелер арасында жүргүзүлгөн эксперименталдык иштердин жыйынтыгына токтолуп кеткен. «Жаш ата-энелер мектеби» келечектеги төрөткө даярдоо, балага кам көрүү жана туура тамактануу ыкмаларына үйрөтүүгө багытталган. Натыйжада программага катышкандардын арасында сурамжылоо жүргүзүлүп, 200 респонденттин ичинен 190 дон ашык адам тарабынан бул багытка оң баа берилген. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, үй-бүлөлөрдүн бузулушунун негизги себептеринин бири болуп жаш ата-энелердин үй-бүлөлүк жашоого даярдыгы жоктугу, алардын өзүнүн социалдык ролун жана милдеттерин билбегендиги, социалдык жана материалдык жактан корголбогондугу болуп эсептелет.Бул көбүнчө жоопкерчиликсиздикти жаратып,уй-булө мамилелеринин бузулушуна алып келет. Демек үй-бүлө курганга чейин жаштарга үй-бүлөлүк жашоону үйрөтүү максатка

ылайыктуу. Бул проблемаларды чечүү үчүн автор атайын комплекстүү механизмдерди иштеп чыгууну: «Келечектеги үй-бүлөнүн мектеби» социалдык институтун киргизүүнү, анын концепциясын жана программасын иштеп чыгып, аны коомго жайылтууну сунуш кылат.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

Заманбап үй-бүлө институтунун көйгөйлөрү боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылган:

1.Азыркы этапта үй-бүлө институтунун проблемаларын изилдөө деңгээли аныкталды. Ошондой эле инсандын адеп-ахлактык баалуулуктарын калыптандырууда үй-бүлөнүн ролунун маанисине баа берилди.Үй-бүлө тарыхый жактан аныкталган социалдык жамаат катары коомго, калыптанып калган саясий системага, экономикалык, социалдык, диний жана башка мамилелерге көз каранды экени белгиленди. Советтик доордо окумуштуулар тарабынан нике жана үй-бүлө маселелери боюнча илимий изилдөөлөрүнө тийиштүү көңүл бурулбай келген. Ага совет мезгилиндеги социология илиминин ашыкча идеологиялаштырылышы жана саясатташтыруусу себеп болуп келген. Учурда макро жана микросоциология илими үй-бүлөлүк мамилелерди изилдөө, үй-бүлөнүн заманбап институтунун көйгөйлөрүн андан ары жана терең кароонун артыкчылыктуулугун болжолдойт.

2.Инсандын керектөөлөрүн өзгөрткөн заманбап коомдун трансформациясы үй-бүлө мүчөлөрүнүн салттуу баалуулуктарына жана үй-бүлө жана нике мамилелеринин структурасынын өзгөрүшүнө таасирин тийгизди. Азыркы салттуу үй-бүлө өзүнүн калыптанып калган социалдык функцияларын толук кандуу аткара албайт келет. Анткени, үй-бүлөдө илгертен белгиленген балдарды көбөйтүү, тарбиялоо жана социалдаштыруу милдеттеринен тышкары, анын мүчөлөрүнүн социалдык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу боюнча кошумча функциялары пайда болгон.

3.Экономикалык төмөндөөнү, рынок мамилелерин, жумушсуздукту, жакырчылыкты жана эмгек миграциясын алып келген азыркы коомдун кризиси инсандын муктаждыктарына өз таасирин тийгизип, үй-бүлөлүк мамилелердин дисфункциясына алып келди. Анын айынан үй-бүлөлүк ажырашуунун өсүшү, аз жана кеч балалуу болуу, кеч үй-бүлө куруу маданиятынын өнүгүшү мүнөздүү социалдык тобокелчиликтерди пайда кылып, үй-бүлөнүн түзүмүнө жана статусуна олуттуу таасирин тийгизди.

4. Үй-бүлө баалуулуктарынын түзүмү жана ата-энелердин үй-бүлөлүк мамилелерге даярдыгы жаш муундун сапаттык дараметин толук

кандуу калыптандырууга жана коомду турукташтырууга көмөктө-шөт.Учурда үй-бүлө институтунун өзгөрүү механизмдерин, факторлорун таанып билүү анын иштөөсүндөгү терс тенденцияларды жоюуга, оң өнүгүшү үчүн шарттарды түзүүгө, үй-бүлөнүн туруктуулугун калыптан-дырууга багытталган концепцияларды, методологиялык ыкмаларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.Заманбап үй-бүлө өзүнүн функцияларын өзгөртөт, бирок социалдаштыруу, бала жаратуу, тукум улоо жана баланы багуу сыяктуу спецификалык функцияларды сактап, модернизацияланган формада кала берет.

5.Азыркы үй-бүлөнүн дисфункциясын изилдөөдө амбиваленттүү мамилени инструмент катары колдонуунун артыкчылыктуулугу кыргыз коомунун салттуу жана жаңы социалдык көрүнүштөрүнүн деструктивдүү да, позитивдүү да карама-каршылыктарына эквиваленттүү баа берүүгө мүмкүндүк берет. Анткени социалдык конфликттердин терс жана оң жактары инсандын социалдык өз ара аракеттенүүсүнө чоң таасирин тийгизип келет. Ал инструмент иш-аракеттерди пландаштырууда, уюштурууда жана жөнгө салууда натыйжалуу иштин ыкмасы катары колдонулушу мүмкүн.

6.Үй-бүлөдө, мектепте, жогорку окуу жайда, коомдо инсанды үй-бүлө жана нике мамилелерине системалуу түрдө даярдоо ата-энелик жөндөм-дөрдү өнүктүрүүгө жана социалдык жоопкерчиликти калыптандырууга шарт түзүп келет.Учурда үй-бүлөнү кризистик кырдаалдан ийгиликтүү чыгаруу, анын билим берүү жана маданий деңгээлин өстүрүү, экономикалык активдүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун калыптандыруу максатында натыйжалуу стратегияны иштеп чыгуу талап кылынат. Мамлекеттик түзүмдөрдүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу орган-дарынын жана жарандык коомдун социалдык өнөктөштүгү мамлекеттин үй-бүлө саясатын жемиштүү ишке ашырууда кепил боло алат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Мамлекеттин үй-бүлөлүк саясатын андан ары өркүндөтүү максатында берилген корутундулар төмөнкүдөй практикалык сунуштарды берди:

*1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине:*

- үй-бүлө саясатын өркүндөтүү боюнча мыйзамдарды жакшыртуу. Ал мамлекеттик бийлик институттарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун социалдык өнөктөштүгүндө иш-чаралардын комплекси түрүндө жүзөгө ашырылат.

*2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим*

*министрлигине:*

- «Болочок үй-бүлөнүн мектебин» институтташтыруу, анын Концепциясын жана Окуу программасын иштеп чыгып, кабыл алуу; жаштар борборлорунун жана окуу жайлардын базасында «Болочок үй-бүлөнүн мектебин» ачуу;
- жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстарынын (16-17 жаш) окуу программасына «Семьеведение» курсун киргизүү.

*3. Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык камсыздандыруу жана миграция министрлигине:*

- Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлө» кодексине, КР«Балдар жөнүндө» кодексине, КР«Жарандык абалдын актылары жөнүндө... » мыйзамына «болочок ата-энелерди окутуу жөнүндө» толуктоолорду киргизүү;
- «Жаш үй-бүлөлөргө мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө» КР мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу;
- мигранттардын үй-бүлөсүндө үй-бүлөлүк жана нике мамилелерин бекемдөө боюнча максаттуу программасын иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу.

*4. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигине:* үй-бүлө саясатын натыйжалуу турмушка ашырууда узак мөөнөттүү стратегия жана максатуу программа иштеп чыгууга салым кошуу.

5. *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигине:* жеринде үй-бүлө саясатын натыйжалуу турмушка ашырууда, үй-бүлөлөргө социалдык колдоо көрсөтүүдө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролун жогорулатуу.

*6. Массалык маалымат каражаттарына:* «Үй- бүлө баалуулуктары» аттуу максатуу программаны иштеп чыгып, анын алкагында салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктар, үй-бүлөлүк жана нике мамилелер жөнүндө маалымат кампанияларды уюштурууну,социалдык роликтерди ишке киргизүүнү колго алуу.

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**

1. Исманова, Н.А. Роль института семьи в социализации личности в современном кыргызском обществе [Текст] / Н. А. Исманова // Web of Scholar - Киев, 2017- № 3 (12) - С.70-74.

2. Исманова, Н.А. Перспективы развития социальной защиты детства [Текст] / Н. А. Исманова // Интернаука. - М., 2017.- №12 (71) - С. 45-54.

3. Исманова, Н. А. Перспективы развития статуса института семьи в современном кыргызском обществе [Текст] / Н. А. Исманова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2017 – № 3 - С. 218 - 221.

4. Исманова, Н.А. Исследования в рамках мониторинга по реализации государственных программ, нормативно-правовых актов КР по защите детства и выявлению семей и детей в трудной жизненной ситуации [Текст] / Н. А. Исманова // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017.- № 6. - С.168-175.

5. Исманова, Н. А. Дети- самая уязвимая и незащищенная категория населения в нашем обществе. Перспективы развития социальной защиты детства [Текст] / Н. А. Исманова // Научная дискуссия: инновации в современном мире. - Варшава, 2017. - №12 (3) - С. 46-47.

6. Исманова, Н. А. Успех как фактор развития человека: роль семьи в успешном развитии ребенка [Текст] / Н. А. Исманова // Общество: социология, психология, педагогика. - Краснодар, 2018. - № 4 - С.38-41.

7. Исманова, Н. А. Семья- важный институт в социализации личности и искоренении коррупции в обществе [Текст] / Н. А. Исманова // Сборник материалов научно-практической конференции. – Вестник КГНУ им. Ж. Баласагына, 2018 - С.89-97.

8. Исманова, Н. А. Амбивалентный подход к дисфункции современной кыргызской семьи в условиях трансформации общества [Текст] / Н. А. Исманова // Социосфера. - Пенза, 2019.- № 3 - С.99-109.

9. Исманова, Н. А. Стратегия развития социальной работы в условиях современного кыргызского общества [Текст] / Н. А. Исманова // Сборник материалов международной научной конференции. – Ростов - на -Дону, 2019. - С.316 -322.

10. Исманова, Н.А. Особенности дисфункциональности института семьи в условиях модернизации кыргызского общества [Текст] / Н. А. Исманова // Социальная политика и социальное партнерство. - №3 - М., 2020 - № 3- С.58 - 66.

11. Исманова, Н.А. Проблемы социальной безопасности трудовых мигрантов в новой социальной среде [Текст] / Н. А. Исманова, Н. Абдрахман кызы // Социальная политика и социальное партнерство. - М., 2020 - № 3- С.36 - 43.

12. Исманова, Н.А. Дисфункциональность института семьи в условиях трансформации кыргызского общества [Текст] / Н. А. Исманова // Евразия и глобальные социально-экономические изменения. Сборник

материалов VII международного Конгресса социологов тюркского мира. - Казань, 2020. - С. 452 - 459.

13. Исманова, Н.А. Социально-психологические аспекты информационной социализации личности в условиях цифровизации социума. [Текст] / Н. А. Исманова, А. О. Абылкасымова // Социальная политика и социальное партнерство. – М.,2021 - № 9 - С. 661-671.

**Исманова Нурлан Абдрасуловнанын «Азыркы кыргыз коомундагы үй-бүлө институтунун социалдык статусу» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**


## РЕЗЮМЕ

**Негизги сөздөр**: социалдык институт, социалдык ролдор, дисфункция, социалдык мөбилдүүлүк, ата-энелик, амбиваленттик, үй-бүлөнун потенциалы, үй-бүлөнүн социалдык статусу.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп коомдун трансформация учурундагы заманбап кыргыз үй-бүлөсү эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети-** үй -бүлөнү бекемдөөдө, ата -эненин, жаштардын жана мамлекеттин потенциалынын ролу.

**Диссертациялык иштин максаты**: кыргыз коомун трансформациялоо учурунда үй -бүлө институтунун социалдык абалын изилдеп аныктоо.

**Изилдөө методдору**. Үй -бүлө институтунун учурдагы абалын талдоо жана баалоо үчүн төмөнкү изилдөө методдору колдонулган: салыштырмалуу, тарыхый, социологиялык, системалык жана кырдаалдык анализдер.

**Жыйынтыктардын илимий жаңылыгы** болуп мезгилдин акыркы жылдарында жаңы коомдук мамилелердин калыптанышы жана коомдун социалдык-экономикалык чыңалуусу үй-бүлөнүн функционалдуулугуна кескин түрдө таасирин тийгизди, бул кыргыз үй-бүлөсүнүн көйгөйлөрүн изилдөөгө өзгөчө кызыгууну пайда кылып, заманбап шарттарда анын туруктуулук даражасын, үй -бүлөнү бекемдөөдө ата -энени жана мамлекеттин ролун аныктады.

**Колдонуу чөйрөсү:** диссертациянын теориялык жана практикалык жыйынтыктары үй-бүлө саясатынын стратегиясын иштеп чыгууда, үй-бүлөгө мониторинг жүргүзүүдө, ошондой эле, жогорку окуу жайларда төмөндөгү багыттар боюнча тренингдерди жана атайын курстарды уюштурууда колдонууга болот: «Үй-бүлөнү изилдөө усулдары», «Мамлекеттин үй-бүлө саясаты».

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Исмановой Нурлан Абдрасуловны на тему: «Социальный статус института семьи в современном кыргызском обществе» на соискание ученой степени кандидата социологических наук по специальности 22.00.04 - социальная структура, социальные институты и процессы**

**Ключевые слова:** социальный институт, социальные роли, дисфункциональность, социальная мобильность, амбивалентность, родительство, потенциал семьи, социальный статус семьи.

**Объектом диссертационного исследования** является современная кыргызская семья в период трансформации общества.

**Предметом исследования является** роль потенциалов родительства, молодежи и государства в укреплении семьи в условиях кризиса.

**Цель исследования** заключается в исследовании и определении социального статуса института семьи в период трансформации кыргызского общества.

**Методы исследования.** Для анализа и оценки современного состояния института семьи использованы следующие методы исследования: сравнительный, исторический, социологический, системный и ситуативный анализы.

**Научная новизна полученных результатов.** Социально-экономическое напряжение социума и формирование новых общественных отношений последних лет постсоветского периода, заметно повлияло на функциональность семьи и семейных отношений, который вызвал особый интерес к изучению проблем кыргызской семьи, к степени выживаемости ее в современных условиях общества, значимости родителей и государства в укреплении семьи.

**Область применения.** Теоретические и практические выводы диссертационного исследования могут быть использованы в разработке стратегии семейной политики государства, для организации мониторинга семьи, тренингов и спецкурсов в «узах по следующим направлениям: «Методы исследования семьи», «Семейная политика государства».

## SUMMARY

**dissertation by Ismanova Nurlan Abdrasulovna on the topic: «The social status of the institution of the family in modern Kyrgyz society» for the degree of candidate of sociological sciences in the specialty 22.00.04-social structure, social institutions and processes**

**Key words**: social institution, social roles, dysfunctionality, social mobility, ambivalence, parenting, family potential, social status of the family

**The object** of the dissertation research is the modern Kyrgyz family during the transformation of society.

**The subjec**t of this research is the role of the potential of parenting, youth and the state in strengthening families in times of crisis.

**The purpose** of the study is to determine the social status of the institution of the family during the transformation of Kyrgyz society.

**Research methods**: to analyze and assess the current state of the institution of the family, the following research methods were used - comparative, historical, sociological analyzes, comparisons of statistical aggregates, systemic and situational analyzes.

**Scientific novelty of the results** obtained Over the last decades of the post-Soviet period, the formation of new social relations and the socioeconomic tension of society influenced the functionality of the family and family relations, which aroused particular interest in studying the problems of the Kyrgyz family, in the degree of its survival in modern conditions, the importance of parents and the state in strengthening the family.Issues of preserving traditional family relations in a modified form.

**Scope:** theoretical and practical conclusions of the dissertation research can be used in developing a strategy for planning and implementing the youth and family policy of the state, for monitoring the state of the Kyrgyz family, trainings, organizing special courses and lecturing at universities in the following areas: «Methods of family research», «Social assistance to young families », «Family policy of the state ».

